улам же башка себептерден улам мыйзам чыгаруучу жараксыз жер тилкесин башка жер тилкеси менен алмаштыруу укугун ыйгарым укуктуу органга бергендир. Ошентип, изилдөөнүн дагы бир өңүтү – ченемдеги келишпестик жана алмашууга жол берүү маселеси болуп саналат. Мисалы, КРнын Жер кодексинин 63-беренесине ылайык, жараксыз деп таанылган жер тилкесинин өлчөмү анын ордуна берилүүчү жер тилкесинин өлчөмүнө таасир тийгизбейт.

Жер тилкесине болгон жеке менчик укугун коргоо маселеси өзүнүн татаалдыгы жана көп кырдуулугу менен мүнөздөлүп, ар тараптуу жана терең илимий талдоону талап кылат. Айрыкча буюмдук-укуктук талаптардын милдеттенмелик-укуктук мүнөздөгү доолор менен өз ара байланышын, ошондой эле жер тилкесине болгон укук токтотулган учурларда менчик ээсинин мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууда жарандык жана жер мыйзамдарынын ченемдеринин шайкеш колдонулушун кылдат изилдөө зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Укушев М. К. Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу. – Бишкек, 1999. – 102-б.
2. Ольнев Д. А. Жерге болгон жеке менчиктин конституциялык укугунун кепилдиктеринин түшүнүгү // Россия мыйзамдарындагы боштуктар. – 2011. – № 2. – 37-б.
3. Корнеев А. Л. Жер тилкелери менен жасалуучу бүтүмдөр: окуу куралы. – Москва: Городец, 2006. – 33–34-бб.
4. Костина О. В. Жер мыйзамдарында жарандык укуктун нормаларын аныктоо маселеси жөнүндө // Илимий ведомосттор. – 2008. – № 12 (52). – 140-б.
5. Анисимов П. В. Юридикалык жактардын жер тилкесине болгон менчик укугун коргоо. Жалпы жоболор // Волгоград мамлекеттик университетинин кабарчысы. 5-серия: Юриспруденция. – 2014. – № 2 (23).
6. Алиханов А. А., Кадыров Ш. И., Осмонов З. А. Санариптештирүү шартында экономиканын глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн критерийлери боюнча Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун баалоо // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2022. – № 2 (110). – 394–402-бб.
7. Сергеев А. П. Патенттик салык салуу системасын колдонуунун өзгөчөлүктөрү // Финансылык укук. – Москва: Юрист, 2015. – № 7. – 38–43-бб.
8. Сушков И. А. Жарандык укуктарды коргоонун жалпы жана атайын ыкмалары // Коомдук өнүгүүнүн теориясы жана практикасы. – 2011. – № 6. – 220-б.
9. Анисимов П. А. Интеллектуалдык менчикке киришүү. – Москва, 2020. – 28–38-бб.

Рецензент: юридика илимдеринин кандидаты, доцент Ботобаев А.А.

УДК 343:811.512.154
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-501-507

Осмонов Д.М.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Осмонов Д.М.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Osmonov D.M.
KNU Jusup Balasagyn

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА УКУГУНА ЖАНА МЫЙЗАМЫНА МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ КИРГИЗҮҮНҮН ЖАНА КОЛДОНУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

ПРОБЛЕМЫ ВНЕДРЕНИЯ И ПРИМЕНЕНИЯ ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА В УГОЛОВНОМ ПРАВЕ И В УГОЛОВНОМ КОДЕКСЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

PROBLEMS OF INTRODUCTION AND APPLICATION OF THE STATE LANGUAGE IN CRIMINAL LAW AND CRIMINAL CODE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

Кыскача мүнөздөмө: Макалада Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза укугунда жана Кылмыш-жаза кодексинде негизги укуктук түшүнүктөрдүн так эмес жана туура эмес которулушу, ошондой эле алардын колдонулушу каралат. Мамлекеттик тилди кылмыш-жаза укугунда жана мыйзамдарда колдонуунун негизги көйгөйлөрү белгиленет.

Аннотация: В статье рассматриваются неточности и ошибки в переводе основных правовых понятий, а также их применение в уголовном праве и Уголовном кодексе Кыргызской Республики. Рассмотрены основные проблемы применения государственного языка в уголовном праве и законодательстве.

Abstract: The article examines inaccuracies and errors in the translation of basic legal concepts, as well as their use in the criminal law and Criminal Code of the Kyrgyz Republic. The main problems related to the use of the state language in criminal law and legislation are considered.

Негизги сөздөр: мамлекеттик тил; кылмыш-жаза укугу; кылмыш-жаза мыйзамы; Кылмыш-жаза кодекси; укуктук терминология; укуктук түшүнүктөр; котормо; кылмыш.

Ключевые слова: государственный язык; уголовное право; уголовное законодательство; Уголовный кодекс; юридическая терминология; правовые понятия; перевод; преступление.

Keywords: state language; criminal law; criminal legislation; Criminal Code; legal terminology; legal concepts; translation; crime.

Кыргыз Республикасы 1991-жылдын 31-августунда эгемендүү мамлекет деп жарыялангандан бери 35 жылдын жүзү болду. Ушул жылдар ичинде улам жаңы конституциялар кабыл алынып, мыйзамдар жаңыртылып жана аларга толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилип жатты. Жогорку Кеңеште мыйзамдардын орус тилинде жазылган варианты талкууланып, кабыл алынып, андан кийин кыргыз тилине которулуп келди. Кыргыз мамлекетинде кабыл алынып жаткан бардык мыйзамдар кыргыз тилинде жазылып, анан барып орус тилине которулушу керек. Бул шарт Баш мыйзамда белгиленсе да, мыйзам чыгаруу органы — Жогорку Кеңеш тарабынан аткарылбай келе жатат. Мыйзамдарды мамлекеттик тилде талкуулап, жазып, анан башка тилге которсок, укук тармагына кыргыз тилин бат жана натыйжалуу киргизүүнүн жолу болмок. Укук илимдеринде мамлекеттик тилдин колдонулушу өнүкмөк.

Кийинки көйгөй — бул чет тилиндеги сөздөрдү өз тилибизге которбой же которо албай коюп колдонгонубузда. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2021-жылы референдум жолу менен кабыл алынган. Конституциянын 1-беренесинде кыргыз мамлекетинин укуктук, социалдык, демократиялык белгилери көрсөтүлгөн. Алардын дагы бири — светтик мамлекет. Конституциянын долбоорун жазган конституциялык кеңеш эки ай иштеп, «светтик» деген сөздү кыргыз тилине которушкан жок. Кыргыз тили дүйнөдөгү эң бай тилдердин бири. Светтик деген сөздү бир сөз менен которуу кыйын болсо, анда бир нече сөз менен которсо болот да. Светтик «дини мамлекеттен ажыратылган» деп түшүндүрүлөт [4]. Мамлекет диндин ишине, дин мамлекеттин ишине кийлигишпейт. «Дини мамлекеттен ажыратылган» [1] деп жазганда, светтик деген сөздү колдонбой, анын ордуна кыргызча жаңы сөздү, түшүнүктү киргизмекпиз.

Ушул эле беренеде мамлекеттин аты Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) деп жазылган. Мыйзамда Кыргыз Республикасы деп калтырып, ал эми Кыргызстан дегенди алып койсо туура болмок. Бир мамлекеттин бир эле аталышы болот. Экинчи аталышы эл арасында колдонулушу мүмкүн.

Биринчиден, Конституцияда мамлекеттин эки аты, аталышы тең көрсөтүлсө, анда жарандын паспортунда Кыргыз Республикасынын (Кыргызстандын) жараны деп жазылган жаңы паспорт берилиши керек. Экинчиден, көбүнчө Европа мамлекеттери Борбордук Азиянын мамлекеттерине «стан» деген сөздү кошуп, өнүгө элек мамлекет катары карап, кемсинтүү иретинде колдонушкан. Азыркы учурда «стан» деп кошулган аталыштан оолактоо керек, колдонбой деле коюу керек.

Кийинки чоң көйгөй — укук таануучулардын (юристтердин) арасында укукту, мыйзамды кыргыз тилинде кагаз бетине жазгандардын, сүйлөгөндөрдүн, айтып түшүндүрүп бергендердин санынын аздыгы. Бул — кыргыз тилинин укуктук практикада, милиция, адвокатура, УКМК, прокуратура жана сот органдарынын иш жүргүзүүсүндө аз колдонулгандыгынын белгиси.

Азыркы убакта укукчуларды (юристтерди) даярдаган мамлекеттик жана менчиктин башка формасындагы жогорку окуу жайларында окутуу орус тилинде жүрүп жатат. ЖОЖдордо кыргыз тилинде сабак өтүү боюнча бир да уюштуруучулук иш, даярдык жүргүзүлгөн жок. Мамлекеттик тилде укук илимдери (юриспруденция) боюнча жазылган көлөмдүү окуу китептери жокко эсе. Азыркы учурда ушул тармакта кыргыз тилинде дарстарды (лекцияларды) окуй алган окутуучулардын саны жокко эсе. Аларды атайын даярдоо да көп убакытты талап кылат. Мамлекеттин жогорку билим берүү министрлиги ЖОЖдордо кыргыз тилинде окутуу маселесин чечүүгө токтоосуз киришиши керек. Убакыт күтпөйт. Кыргыз Республикасында жогорку юридикалык билими бар, укукту жана мыйзамды колдонуу тармагында иштегендер кыргыз жана орус тилдеринде эркин сүйлөй албаса, өз ойлорун кагаз бетине жаза албаса, башка адамдарга эркин түшүндүрө албаса, анда алар жарым-жартылай юрист деп эсептелет.

Өзүмдүн кесиптик тажрыйбамдан мисал келтирейин. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы 2021-жылы төрт мыйзамды демилгелеп, 75 адамдан турган эксперттик жумушчу топ Президенттин чечими менен түзүлгөн. Биринчи эле жыйында мыйзамдардын долбоору орус тилинде гана талкууланары белгилүү болуп калат. Себеби эксперттик жумушчу топтун ичинде орус тилдүүлөр көп болгон. Кыргыз тилиндеги вариантты жазганга 75 юристтин арасынан бири да чыкпаптыр. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти Арабаев Ч. И. «Анан укукту, мыйзамды кыргыз тилинде билген, жазган ким бар?» деген Башкы прокурордун суроосуна: «Кыргыз улуттук университетинде 36 жылдан бери (азыр 41 жыл) иштеген Осмонов Д. М. деген окутуучу, укук таануучу (юрист) бар. Ал кыргыз жана орус тилдеринде кылмыш-жаза укугу (уголовное право) боюнча дарсты (лекцияны) эркин окуйт», — дептир. Ошентип, эксперттик жумушчу топко кесипкөй адис катары чакырылдым.

Биринчи эле иш күнүмдө Кыргыз Республикасынын Уголовный кодексинин кыргызча аталышын талкууга чыгарышты. Айтып кетчү маалымат: СССР учурунда Кыргыз ССРинин Уголовный кодекси деп котормосу жок эле ушинтип айтылчу. Мага сөз беришти. «КР Уголовный кодекси 2017-жылы кабыл алынып [2], 2019-жылы күчүнө киргенин белгилеп, кыргызча аталышы Жазык кодекси деп которулганын, аталышы туура эместигин айттым. Кыргыз тилинде “жазык” деген сөз бар. Жазык — күнөөгө жакын сөз, бирок күнөө эмес. “Менин жазыгым бар” деп айтышчу. Экинчиден, жазык — жазага жакын сөз, бирок жаза эмес. “Жазыгын тарткам” деген сөз бар. Кодекс өзү кылмыш жана жаза деген эки чоң укуктук түшүнүктү камтыйт. Ошондуктан биз талкуу кылып жаткан Кыргыз Республикасынын Жазык (Уголовный) кодексинин кыргызча аталышы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси деп аталса туура болот», — деп сүйлөдүм. Кыргыз Республикасынын Жазык (Уголовный) кодекси Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси болсун деген сунушум бир добуштан колдоого алынды.

Эксперттердин арасынан бирөө Кылмыш-жаза кодексин орус тилине которсок, «Кодекс о преступлениях и наказаниях» болот экен, — деди. Мен: «Сиз орусча туура эмес котордуңуз, “о” жана “и” тамга эле эмес, алар сөздөр», — дедим. «“О” сөзү “жөнүндө” дегенди билдирет, ал эми “и” сөзү “жана” деп которулат. “Кодекс о преступлениях и наказаниях” дегендин кыргызчасы “Кылмыш жана жаза жөнүндөгү кодекс” болуп калат да. Минтип орус тилине которуп кыйналба, орусчасы “Уголовный кодекс” боюнча калат». «Жазык-процессуалдык кодекси» «Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси»

болуп өзгөрдү. Мурдагы «Административдик кодекс» мыйзамдын мазмунуна жараша «Укук бузуулар кодекси» деп кыргызча жаңыдан аталды.

Кийинки көйгөй — Жогорку Кеңеш жана Президенттик аппарат тарабынан жаңы кабыл алынган мыйзамдарды бир тилден экинчи тилге которуу. Эксперттик жумушчу топ даярдаган төрт мыйзамдын долбоору кыргыз тилинде жазылып, Жогорку Кеңеште мамлекеттик тилде жазылган биринчи мыйзам деп талкууланды, анан кабыл алынды. Кыргыз тилинде жазылган кодекстер мыйзамдын оригиналы деп эсептелиши керек. Иш жүзүндө Президенттин аппаратынын котормочусу кодекстердин орус тилинде жазылган вариантын негиз кылып, анан аны мамлекеттик тилге которгон. Мен ал котормочуга: «Мыйзам боюнча Жогорку Кеңеште кыргыз тилинде кабыл алынган мыйзам кийин орус тилине которулушу керек», — дедим. Ал мага: «Орус тилинен кыргызчага которгонум мага ыңгайлуу», — деп койду. Котормочуга: «Сиз мыйзамды бузуп жатасыз», — десем: «Мен кандай которсом, ошондой кол коюлат», — деди. Натыйжада Жогорку Кеңеште кабыл алынган кыргыз тилинде жазылган Кылмыш-жаза кодексинин мазмуну 20–30 процентке начарлады жана укукка тиешеси жок жаңы сөздөр кошулду.

Кийинки көйгөй — мыйзамды орус тилинен кыргыз тилине которууда кесипкөй, укукту, мыйзамдарды терең билген жана кыргыз тилин жакшы өздөштүргөн адистин (юристтин) катышуусунун зарылдыгы. Мисал келтирейин. КР КЖКсынын 205-беренесинде уурулук кылмышы үчүн жоопкерчилик көрсөтүлгөн [3]. «Уурулук — башка бирөөнүн мүлкүн жашыруун алып алуу» деп жазганбыз. Котормочу «Кража, то есть тайное хищение чужого имущества» деген орусча текстти «Уурулук, башкача айтканда, олуттуу эмес өлчөмдө бирөөнүн мүлкүн жашыруун уурдоо» деп которгон. Ошондо уурулук уурдоо болуп калды да. Муну тилчилер маанилештик, окшоштук (синоним) дешет. Ушул эле мыйзамдын 390-беренесинде «Дезертирство» дезертирдик деп которулганбы же которулган эмеспи? Дезертирдик дебей, «Аскерден качуу» десек туура болмок. Бул кылмышты белгилүү тартипте аскер кызматын өтөөгө чакырылган аскер гана жасайт.

КР КЖКсынын 206-беренесинде тоноочулук кылмышы үчүн жоопкерчилик белгиленген. Берилишинде (диспозиция) тоноо, башкача айтканда, башка бирөөнүн мүлкүн ачыктан-ачык ээлеп алуу деп которулган. «Ээлеп алуу» деп которулганы укуктук жактан туура эмес. Себеби жарандын менчикке болгон укугу үч элементтен турат. Буларга: мүлккө ээлик кылуу, мүлктү колдонуу жана тескөө укуктары кирет. Ууру, алдамчы же тоноочу алып алган башка бирөөнүн мүлкүнө мыйзам боюнча эч качан ээлик кыла албайт. Менчикке ээлик кылуу жана тескөө укуктары башка бирөөгө, кылмышкерге өтпөйт. Кылмышкер уурдоо, тоноо же алдамчылык жолу менен башка бирөөнүн мүлкүн алып алса, ал буюмду, мүлктү мыйзамсыз колдонуп жатканын билдирет. Де-юре буюмду колдонуу укугу менчик ээсинде, де-факто кылмышкер алып алган буюмду мыйзамсыз колдонот жана мыйзамсыз ээлик кылып жатат.

КР КЖКсынын 217-беренесинде кылмыш жолу менен алынгандыгы белгилүү болгон мүлктү сатып алуу же сатуу үчүн жоопкерчилик көрсөтүлгөн. Бул мүлктү сатып алган адам да мүлккө ээлик кыла албайт дегенди билдирет. Ошондуктан «ээлеп алуу» деп которулганы укукка, мыйзамга каршы келип калат. Менчикке каршы жасалган уурулук, тоноочулук же алдамчылык кылмыштары болобу, башка бирөөнүн мүлкүн алып алуу деп жазылганда гана укуктук жактан туура болмок. Алып алуу жашыруун ыкма менен жасалса — уурулук, ачык түрдө күч колдонуп же коркутуу жолу менен алып алса — тоноочулук, алдоо жолу менен алып алса — алдамчылык болуп эсептелет.

Мыйзамда көрсөтүлгөн, жазылган сөздү же сүйлөмдү жалгыз тилчи тарабынан орус тилинен кыргызчага которуу кээ бир учурда туура эмес же ката болуп калат. Муну далилдеш үчүн төмөнкү котормону алалы. КР КЖКсынын Өзгөчө бөлүгүндөгү беренелердин санкцияларында «эркиндигинен ажыратуу» деген жазанын бир түрү көрсөтүлгөн. Жасалган кылмышы үчүн соттун өкүмү менен колдонулган жаза «эркиндигинен ажыратуубу?» же «эркинен ажыратуубу?» Кайсынысы туура десең, баары «эркиндигинен ажыратуу» туура дешет, алардын арасында юристтер да бар. Адамды кантип эркинен ажыратсын деп тилчилер эле эмес, укукчулар (юристтер) да айтышы мүмкүн. Көпчүлүгү «эрк» — адамдын эрки жөнүндө сөз болуп жатат деп ойлошот. «Эркти» кошуп сүйлөм түзсөк, анда «эрктен

ажыратуу» деп жазылышы керек. «Эркинен ажыратуу» адамга гана тиешелүү эрк менен байланышкан эмес. Түшүндүрмөсүн ачып берейин.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери Конституцияда так көрсөтүлгөн. Баш мыйзамда көрсөтүлгөн эркиндиктерге: сөз эркиндиги, басма сөз эркиндиги, митинг, демонстрацияларга катышуу эркиндиги, динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги, илим жана техниканын жетишкендиктерин колдонуу жана эркин жүрүү эркиндиктери кирет. Сот кылмышкерге «эркиндигинен ажыратуу» жазасын колдонсо, анда адвокаттар сотко кайрылып: «Сиз Баш мыйзамда көрсөтүлгөн алты эркиндиктин кайсынысын колдондуңуз, так айтыңыз?» — деп сурашы мүмкүн. Берген суроосуна сот тарабынан туура жооп албашы мүмкүн. Мисалы, жаранды сөз эркиндигинен ажыратуу мүмкүн эмес, ал үчүн адамдын тилин кесип салышы керек. Кыргызда: «Тил кесмей жок, баш кесмей бар», — дешет. Бул адам үчүн тилдин маанилүү экендигин билдирет. Ошондуктан тактык керек.

Эркин жүрүү эркиндиги (свобода передвижения) мамлекетте жашаган ар бир адамга, жаранга тиешелүү укук. Кыргыз Республикасынын бардык жеринде (территориясында) жарандардын өзү каалагандай эркин жүрүүгө, убактылуу же туруктуу жашоого, өзү каалаган жерди тандап алууга эркиндиги бар. Жасаган кылмышы үчүн колдонула турган жаза ушул конституциялык эркин жүрүү эркиндиги менен байланышкан. Соттун, мисалы, 8 жыл эркинен ажыратуу жөнүндө өкүмү чыкса, соттолгондор ошол мөөнөт ичинде жазаны өтөө жайларынын — түзөтүү мекемелеринин (колониянын) чегинен (территориясынан) сыртка чыга алышпайт. Мамлекет кылмышкерлерди коомдон ушинтип обочолойт. «Эркин жүрүү эркиндигинен ажыратуу» деген ушул. Кыргыз ССРинин Уголовный кодекси (кыргызчага которулган эмес) эркин жүрүү эркиндигин кыскартып, «эркинен ажыратуу» деген түшүнүктү киргизген. Укук илиминде, кылмыш-жаза мыйзамында жана сот өндүрүшүнүн практикасында «эркинен ажыратуу» жазасы деп көп жылдан бери колдонулуп келе жатат. Жазаны өтөө жайларынан, түзөтүү мекемелеринин чегинен атайылап качса, кылмыш деп эсептелип, КР КЖКсынын 367-беренеси менен жоопкерчиликке тартылат.

Кийинки көйгөй — тилчи, котормочулар тарабынан мыйзамга өзү билген сөздөрдү «ушул сөздүн кыргызча котормосу ушундай болот» деп кошуп коюшкандыгы. КР КЖКсынын 122-беренесинде адам өлтүрүү кылмышы үчүн жоопкерчилик белгиленген. Адам өлтүрүү кылмышпы же кылмыш эмеспи? Суроону укандардын баары кылмыш деп жооп беришет. Кылмыш деген эмне? — деп сурасаң, «кылмыш деген кылмыш да, преступление» деп орусчасын кошуп айтышат.

Адам өлтүрүү кылмышпы? — Кылмыш. Буга баарыңыздар макулсуздар. Мен «Адам өлтүрүү — кылмыш эмес» десем, анда сиз: «Кантип, адам өлтүрүү өтө оор кылмыш», — дейсиз. Адам өлтүрүү көпчүлүк учурда кылмыш эмес. Мисалы, Улуу Ата Мекендик согушта, Израиль-Палестина, АКШ-Иран, дагы эле болуп жаткан орус-украин согушунда эки тараптан жүз миңдеген жоокерлер бири-бирин өлтүрүштү, өлтүрүп жатышат. Согушкан мамлекеттер өз аскерлеринин колуна курал берип: «Аткыла, жок кылгыла, өлтүргүлө», — деп буйрук беришет. Жоокерлердин жасаган ишин эрдик деп, орден, медалдар менен сыйлап жатышат. Кээ бирлери баатыр да болушту. Статистика боюнча Экинчи дүйнөлүк согушта СССР тараптан 25 миллион адам өлгөн, алардын көбү өлтүрүлгөн. Ошончо адам өлтүрүүнү согушка чегерип коюшту.

«Адам өлтүрүү кылмыш эмес» дегенге кийинки мисал. Жасалган кылмышы үчүн өлүм жазасы колдонулган мамлекеттерде соттун өкүмүн аткарган жасоол (палач) бар. Анын жасаган негизги жумушу — соттун өкүмүн аткаруу. Өлүм жазасы дүйнө мамлекеттеринде түрдүү аткарылат. Аларга: даргага асуу, ок менен атуу, электр тогун колдонуу, таш менен уруу, инъекция колдонуу. Мурда от коюп өрттөө көп колдонулган. Сот мамлекеттин атынан кылмышкерди жашоого болгон укугунан ажыратат. Соттун мыйзамдуу чыккан өкүмүн аткаруу кылмыш эмес, анткени жасоолдун жасаган жумушу мыйзамдуу жана укукка каршы эмес. Биздин мамлекетте өлүм жазасы 1997-жылдан бери колдонулбайт.

Жасоол (палач) эмне себептен жоопкерчиликке тартылбайт жана анын аракети кылмыш деп эсептелбейт? Анткени жасаган кылмышы үчүн мамлекеттин атынан сот органдары кылмышкерге өлүм

жазасына тартылсын деген мыйзамдуу өкүм чыгарса, андай өкүмдү аткаруу мыйзамсыз жана укукка каршы деп эсептелбейт. Жасоолдун (палач) аракетинде кылмыштын укукка каршы белгиси жок. Согуш убагында же согуштук ахвалда мекенди коргоо максатында биздин жоокерлер душмандарды атып өлтүрүшсө, алардын аракеттери мыйзамга каршы эместигин билгизет.

Ошондой эле КР КЖКда аракет жана аракетсиздик кылмыш деп көрсөтүлбөсө, күнөөсүз жасалса же коомго коркунучтуу белгиси жок болсо, анда ал кылмыш деп эсептелбейт жана кылмыш жоопкерчилигине тартылбайт.

Котормочулар КР Кылмыш-жаза мыйзамында «жосун» деген сөздү жүздөн ашык жолу колдонушкан. КР Кылмыш-жаза кодексинин 9-главасынын аталышын «Кылмыш болуп саналбаган башка жосундар», 53-беренесин «Кылмыш болуп эсептелинбеген жосундар», 54-беренесинде көрсөтүлгөн «Маанилүүлүгү аз жосун» деп жазылган түшүнүктөрдү (сүйлөмдөрдү) киргизген. Кылмыш-жаза укугунда кылмыштын түшүнүгү изилденген жана так аныкталган. Кылмыштын белгилеринин ичинде «жосун жана жорук» деген сөздөр жок. К. Карасаевдин түшүндүрмө сөздүгүндө «жосун» эки маанини билдирет. Бири эл арасында калыптанып калган жүрүм-турум эрежесин же тартипти билдирсе, экинчиси адамдын жасаган иши же жүрүм-туруму — «анын бул жосуну уят болду» [1] дегенди түшүндүрөт. Ал эми «жорук» — адамдын башкаларга таң калыштуу, эрөөн көрүнгөн аракети.

Алардын кээ бирлерине токтолоюн. КР КЖКсынын 18-беренесинде кылмыштын түшүнүгү көрсөтүлгөн: «Кылмыш деп кылмыш-жаза мыйзамында каралган коомго коркунуч келтирген, күнөөлүү жана жазалануучу жосун (аракет жана аракетсиздик) таанылат». Сүйлөм туура, катасы жок жазылгандай. Бирок асты сызылган сөздөрдүн укуктук жактан мазмуну туура эмес жазылган жана тактоого муктаж. Биринчиден, коомго коркунуч келтирген жосун (аракет жана аракетсиздик) деген кылмыштын белгиси экиге бөлүнүп жазылган. Туурасы коомго коркунучтуу аракет жана аракетсиздик болот. Коомго коркунуч келтирген эле эмес, коомго коркунуч келтирүү, кылмыш жасаганга аракеттенүү (кол салуу) да кылмыш болуп эсептелет. Мисалы, адамды өлтүрүү үчүн кол салуу, зордуктаганга аракеттенүү. Кылмыш-жаза мыйзамында каралган (рассмотрен) эмес, мыйзамда кылмыш деп белгиленген (предусмотрен) коомго коркунучтуу аракет жана аракетсиздик эсептелет. Сүйлөмдө жосунду колдонуу туура эмес жана ашыкча.

Жосун дагы, жорук дагы башка адамдарга, коомго, мамлекетке оор зыян, залака келтирбейт. Ал эми жасалган кылмыш башка адамдарга, коомго жана мамлекетке оор же өтө оор материалдык, физикалык (денеге) жана/же моралдык зыян келтирет. Жосун коомго коркунучтуу зыян келтирбейт, ошол себептен коомго коркунучтуулугу жокко эсе. Ошондуктан жосун, жорук кылмыш эмес, кылмыш жосун же жорук эмес.

Анда кылмыш деген эмне? Бул суроону кылмыш-жаза укугу изилдейт жана негиздеп, далилдеп жооп берет. Негизинен, кылмыш же кылмыш эмес дегенди мамлекет КР КЖКсында аныктайт.

Укук илимдеринин (юриспруденция) бир тармагы болгон кылмыш-жаза укугу — кылмыштын түшүнүгүн, белгилерин изилдеген, аныктаган илим. Кылмыш-жаза укугунда «кылмыш» деген сөздүн ордуна көп учурда «коомго коркунучтуу аракет (аракетсиздик)» белгиси менен алмаштырып колдонобуз. Бул эки сөздүн мааниси, мазмуну бирдей. Аракет — бул адамдын активдүү кыймылы. Адам өлтүрүү кылмышын жасаган жак өлүмдүн келишине керектүү бардык активдүү жана керектүү кыймыл-аракеттерди жасайт. Кылмыштан келип чыккан адамдын өлүмү, денеге оор залалдын келтирилиши, жабырлануучуга оор материалдык зыяндын келиши ж.б. жасалган кылмыштын коомго коркунучтуулугун аныктайт. Ошондон улам кылмыштар оор жана өтө оор кылмыштар деп классификацияланат.

Коомго коркунучтуу аракет — бул кылмыш, ал эми кылмыш — бул коомго коркунучтуу аракет (аракетсиздик). Ал эми коомго коркунучтуу аракеттен жабырлануучуга физикалык, материалдык жана моралдык зыяндар келтирилет. Физикалык зыяндарга адамдын өлүмү, ден соолукка келтирилген зыяндар: сокур, дүлөй, дудук, мунжу, келесоо, бойдон түшүрүү, оорутуу (боль) жана запкы чектирүү (страдания) кирет. Материалдык зыянга олуттуу эмес зыян, олуттуу зыян, ири өлчөмдө жана өтө ири

өлчөмдө келтирилген зыяндар кирет. Жасалган кылмыш жабырлануучуга моралдык да зыян келтирет. Жосундан же жоруктан атап өткөн зыяндар келтирилбейт.

Кылмышка тиешелүү бардык белгилер болгондо гана биз коомго коркунучтуу аракетти (аракетсиздикти) кылмыш деп билебиз. Кылмыштын негизги белгилери болуп: 1) мыйзамга каршы же мыйзамсыз; 2) укукка каршы; 3) коомго коркунучтуу аракетти (аракетсиздикти) күнөөлүү жасаган; 4) кылмыш-жаза мыйзамында кылмыш деп көрсөтүлгөн; 5) жазалануучу; 6) коомго коркунучтуу аракет (аракетсиздик) эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, кылмыштын толук түшүнүгү төмөнкүдөй: кылмыш деп мыйзамсыз, укукка каршы, коомго коркунучтуу аракетти (аракетсиздикти) күнөөлүү жасаган, кылмыш-жаза мыйзамында кылмыш деп көрсөтүлгөн, жазалануучу, коомго коркунучтуу аракет (аракетсиздик) эсептелет.

Жасалган коомго коркунучтуу аракетте (аракетсиздикте) кылмыш курамынын бардык белгилери болгондо гана кылмыш жасаган жак (субъект) кылмыш жоопкерчилигине тартылат. Бул кылмыш-жаза укугунда (илиминде) өзүнчө каралган чоң маселе. КР КЖКсынын 24, 14-беренелеринде кылмыштын субъектиси «адам» деп көрсөтүлгөн. Котормочуларга: «Кылмыштын субъектиси кылмыш жасаган жак болот», — дегениме, «Кылмышты адам жасайт да, ошол үчүн ушинтип которуп жаздым», — деген жообу азыр да эсимде. Байкасаңыздар, кылмыш-жаза укугунда «адам», «кылмышкер» деген сөздөр колдонулбайт. Эмне үчүн? Анткени мыйзамдар укуктук мамилелерди жөнгө салып турат жана коргойт. Укуктук мамилелер дайыма эки жактан турат. Бири — кылмыш жасаган жак, экинчи жагы болуп жабырлануучу — кылмыштан жабыр тарткан жак эсептелет. Кылмыш жасагандыгы үчүн кармалган жак биринчи шектүү, анан айыпталуучу, сот процессинде соттолуучу болот. Ал эми соттун айыптоо өкүмү чыгып, кылмыш жазасы колдонулганда гана ал кылмышкер болуп эсептелет. КР КЖКсынын проектинде «адам» деген сөздү колдонгон эмеспиз. Шектүүнүн, айыпталуучунун, соттолуучунун, кылмышкердин, соттолгондун, жабырлануучунун укуктагы ордун кылмыш-жаза процессуалдык укугу жана мыйзамы аныктайт.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. — Бишкек, 2021.
2. Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси. — Бишкек: Академия, 2020.
3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. — Бишкек: Академия, 2022.
4. Укук энциклопедиясы. — Бишкек: Макс Принт, 2023.
5. Карасаев Х. К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. — Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2009. — 640 б.

Рецензент: юридика илимдеринин доктору, профессор Батырбаев Б.С.

УДК 349.22 (575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-507-512

Турсунакунов С.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Турсунакунов С.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Tursunakunov S.
KNU Jusup Balasagyn